Банкбаян

Мээрим АКУЛУЕВА, Улуттук банктын Төлөм системалар башкармалыгынын башкы адиси:



# ЗАМАНГА ЫЛАЙЫК БАНКТА ДА ДИСТАНЦИЯЛЫК ТЕЙЛӨӨ КЕРЕК

**Ааламдашуу шартында, дүйнө жүзүндө Интернет технологиялар аркылуу карым-катнаш түзүүсү, Кыргыз Республикасынын Дүйнөлүк соода уюмуна (ДСУ) кириши, экономиканын ар бир тармагындагы атаандаштык күчөгөн маалда, телекоммуникация чөйрөсүндөгү техникалардын өнүгүүсү, банк рыногундагы банктар менен кардарлардын ортосундагы карым-катнаштын сапатын жакшыртуу менен кеңейтүү зарылдыгы туулууда. Бул тууралуу маалыматтарды билүү үчүн "Асман пресс" газетасы атайын Улуттук банктын Төлөм системалар башкармалыгынын, төлөм системасынын методологиясы жана саясаты бөлүмүнүн башкы адиси Акулуева Мээрим Шабыновнага кайрылган элек.**



## Банктагы ыңгайлуу система

Банк бизнесин кеңейтүү максатында банктардын ыкчам, тез, ыңгайлуу система аркылуу кардарды тейлөөгө өтүү мезгили келди. Кардар үйдөн чыкпай туруп же жумуш ордунан эле автоматташтырлган терминал аркылуу өзүн-өзү тейлөөгө өтүшү керек. Бирок, салтка айланган тейлөө кызматынан улам, бул багыттагы кызмат көрсөтүүгө жетише албай келебиз. Электрондук банк системасы аркылуу жогорку маалымат технологияларын колдонуу менен кардарларды тейлөө банк бизнесиндеги заманбап багыттардын (тенденциялардын) бири.

Банктагы кызмат көрсөтүүдө алдынкы технологияларды колдонуу, банктарга кардарлар менен иштешүүдө алардын тандоо артыкчылыктарына жараша, дистанциялык тейлөө аркылуу банк кызматын күн-түн дебей элге жеткиликтүү кылуу, сунуш кылган банк кызматтарынын сапатын жогорулатуу, атаандаштыкты күчөтүү зарыл.

Кыргыз Республикасындагы банк сегментин талдоо көрсөткөндөй, банк кызматты жөнөкөй эсеп-кассалык кызмат көрсөтүүдөн баштап, кардарлардын заманга жараша талабына ылайык көп тармактуу кызмат көрсөтүүгө жетишти. Мисалы, чек китептерин банк карттары алмаштырса, банктагы эсептөөлөрдү башкаруу "Банк-Кардар" технологиясы менен алмаштырылды. Адаттагы, эсеп-кассалык тейлөө алдынкы системалар "Банк-Кардар", "Интернет-Банкинг", "Мобилдик банкинг" менен алмаштырылууда.

## Телефон аркылуу тейлөө

Банктагы аралыкта туруп, башкаруу системасы алгач телефон аркылуу жүргүзүлгөн. XX-кылымдын 60-70-жылдарында АКШнын айрым коммерциялык банктары өз кардарларына телефон аркылуу тейлөөнү сунушташкан. Эл аралык электр байланыш союзунун маалыматына таянсак, учурда дүйнө жүзү боюнча алты миллиард адам уюлдук телефонго ээ. Алардын үчтөн бир бөлүгү (эки миллиарддан ашык адам) –бул Кытай менен Индиянын жарандары. Ошондуктан, банк операцияларын мобилдик телефон аркылуу жүргүзүү ылдам жана ыңгайлуу.

## Электрондук банк кызматы

**Электрондук банк кызматы өнүгүүнүн үч негизги жолун басып өттү:**

- "Банк-Кардар" юридикалык жактар үчүн;
- ал эми "Үй банкинги" физикалык тараптар үчүн;
- "Интернет банкинг";
- "Мобилдик банкинг" (WAP-банкинг)

"Банк-Кардар" башынан эле юридикалык жактарды аралыктан туруп тейлөө үчүн багытталган. Юридикалык жактар үчүн жеке тараптарга караганда ыкчамдык анча деле маанилүү эмес. Банк-Кардар системасын орнотуу үчүн кардардын компьютерине кошумча программа аркылуу маалыматтык база киргизилет. Интернет маалыматты берүү - кабыл алуу үчүн гана керек. Ал эми "Интернет-банкинг" бул система кийинчирээк гана пайда болгон, аны колдонуу үчүн Интернетке туташкан компьютер болуусу абзел. Интернет-банкинг бул Банк-Кардар системасынын аналогу десек болот. Кыргыз Республикасында Россия жана батыш өлкөлөрү сыяктуу эле Интернет –банкинг Банк-Кардар системасынан өсүп чыккан.

## "Интернет-банкинг" деген эмне?

**"Интернет-банкинг"** бул аралыкта туруп алып Интернет аркылуу банк кызматын пайдаланууга жол ачкан, көп артыкчылыкка ээ. Бул система финансылык интернет-чечимдерди кабыл алууда, Интернет банкинг тез өнүгүп жаткан жана алдынкы технология болуп саналат. Банк менен виртуалдык сүйлөшүү интерактивдүү режимде банктын сайты аркылуу жүргүзүлөт. Бул системадан колдонуу үчүн банктын офисинде бул кызматка туташуу менен Интернетке биргелешкен браузер (алардын арасында Internet Explorer эскирбеген версиясы жогорудагы шарттарга жооп берет) Эсепти башкарууну дүйнөнүн баардык жеринен, Интернетке кошулган баардык компьютерден жүргүзсө болот. Интернет банкингке туташуу жана анын кызматынан пайдалануу албетте, бекер.

## "Интернет банкингдин" негизги артыкчылыктары:

- Эсептик жана карталарды Интернет болгон жерден башкаруу,
- Банктарга салыштырмалуу кызмат көрсөтүү төмөн же таптакыр эле бекер,
- Баардык операциялардын тез аткарылышы.
- "Мобилдик банкинг" бул уюлдук телефон аркылуу маалымат алуу жана банктык эсепти аралыкта туруп башкарууга жол ачкан система. Мобилдик банкинг кызматынын түрлөрү:
- «SMS-банкинг» банктык эсепти башкаруу үчүн атайын банктагы номерге жөнөтүлгөн SMS- маалымат, бир калыпка салынган шаблон аркылуу жиберилет.
- «Java –тиркеме» бул мобилдик кызматтагы эң өнүккөн кызматтын түрү. Анда заманбап уюлдук телефондордун баарына эле Java –тиркемесин киргизүү аркылуу колдонсо болот.

## Уюлдук байланыш аркылуу ыңгайлуу шарт

Уюлдук байланыштын колдонуучулары үчүн мындан дагы өнүккөн жана ыңгайлуу тиркеме бул заманбап мобилдик телефондордогу Windows Mobil\ Windows Phone, Android, Symbian жана iPhone менен iPad үчүн iOS программалары аркылуу башкарса болот. Жогорудагы системалардын



баардыгы телефон функциялары аркылуу ишке ашырса болот. Албетте, бул өтө ыңгайлуу.

## "Интернет-банкингдин" артыкчылыгы

Кыргыз Республикасында аралыкта туруп башкарууда "Интернет- банкинг" эң кеңири таралууда. Анткени, бул системанын артыкчылыктары көп. Финансылык интернет чечимдерди кабыл алууда "Интернет-банкинг" системасы абдан тез өнүгүүдө. Анткени, ал банктар менен кардарлардын ортосунда максималдуу банк кызматын көрсөтүп жана алууга мүмкүнчүлүк берет. Интернет банкинг аркылуу накталай эмес төлөм жасоого, валюталарды сатып же сатып алууга, коммуналдык тейлөөгө жана уюлдук байланыштар үчүн акы төлөөгө мүмкүнчүлүк ачылат.

Албетте, жогорудагы операцияларды күн- түн дебей жүргүзүп, эсептик балансты каалаган учурда текшерип турса болот. Интернет–банкингдин эң орчундуу артыкчылыгы, бул система үчүн атайын программаны жүктөбөй эле, интернеттеги стандарттык программа менен колдонсо болот. Андыктан, кардар кошумча программаны сатып алып, орнотуу менен убара болбойт. Болгону, банкка келип, системага кирүү үчүн электрондук кол коюу үчүн ачкыч, пароль жана аталышты алып кетүү зарыл.

Коммерциялык банктардын маалыматына таянсак, Интернет -банкинг кызматын ушул учурда "Айыл банк" ААК, "Аманбанк" Россия –Кыргыз ААК , " Оптима Банк" ААК , "Демир Кыргыз Интернешнл Банк" ЖАК, "Дос- Кредобанк" ЖАК, "БТА-Банк" ЖАК , "Казкомерцбанк Кыргызстан" ААК , "Инвестбанк" "Ысык-Көл" ААК, "КИКБ" ЖАК, "Кыргызстан Коммерциялык банкы" ААК, "Финанс Кредит Банк" ААК , "Манас Банк" ЖАК жана "МФ банк Бай Түшүм жана Партнерлор" ЖАК көрсөтүшөт.

"Мобилдик банкинг" кызматтын болгону үч коммерциялык банк "КИКБ" ЖАК, "Халык Банк "ААК, "Экоисламикбанк" ААК гана көрсөтөт.

Жогорудагы кызматтардын тарифтери тууралуу маалыматты КР Улуттук банкынын расмий сайты : www.nbkr.kg. кирип алсаңыздар болот. Дистанциялык банктык кызматтын таралышынынын төмөнкү деңгээлде болушу калктын жеткиликтүү маалыматтан кабардар эместигинде. Мындан тышкары, банктык электрондук кызмат көрсөтүүнү башка факторлорда кармап турууда. Мисалы, психологиялык фактор, эсептин тууралуулугуна кооптонуу, алдамчыларга жем болуудан сактануу, кадрлардын даярдык деңгээлине жараша рентабелдүүлүк.

Ошонтип, банктардагы on-line кызмат көрсөтүү төмөндөгү глобалдык процесстерге байланыштуу, маалыматтык -технологиялардын өнүгүшү, интеллектуалдык кызмат көрсөтүүдөгү рыногунда атаандаштыктын күч алышы менен, жалпы эле электрондук коммерциянын өсүшү, экономикадагы сеттик сектордун баардык түрлүрүнүн жайылышы (электрондук дүкөн, on-line- аукциондор, биржа) жана башка сооданын өнүгүшүнө байланыштуу.

Мээрим СУБАНБЕКОВА